ЖАЛАЛ АБАД ЭЛ АРАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИНИН
Окумуштуулар кеңешинин жыйынынын
№02/25 протоколу

2025-ж. 30-сентябрь Манас ш.

Окумуштуулар кеңешинин курамы:
Баары: 11
Катышкандар: 9
Катышпагандар: 2 (себептүү)

Окумуштуулар кеңешинин жыйыны башталардан мурун Кыргыз Республикасынын гимни жаңырды.

ЖАЭУнун ректору, Окумуштуулар кеңешинин төрагасы ф-м.и.к., доцент М.Р.Нарбаев Окумуштуулар кеңешинин жыйынында каралуучу күн тартибиндеги маселелер менен тааныштырды.

КҮН ТАРТИБИ:

№	Каралуучу маселелер	Жооптуулар	Тиешелүү материалдар
1	Окуу процессинин жүрүшү жөнүндө	Окуу иштери боюнча проректор	Баяндама
2	Студенттер үчүн кошумча курс, кружок жана башка иш чараларды уюштуруу жөнүндө	Окуу иштери боюнча проректор	Баяндама
3	МАКтын курамын бекитүү	Медицина факультетинин деканы	Баяндама
4	Ар түрдүү маселелер		
4.1	Окуу акысы боюнча 2025-2026 окуу жылында кабыл алынган студенттерге жеңилдиктерди берүү боюнча	Илим, мамлекеттик тил жана социалдык иштер бонча проректор	Баяндама
4.2	Жоболорду бекитүү (конкурстук, илимий долбоорлордун)	Илим, мамлекеттик тил жана социалдык иштер бонча проректор	Баяндама, жоборордун нускалары
4.3	Окумуштуулар кеңешмесинин курамын кайра бекитүү	Илим, мамлекеттик тил жана социалдык иштер бонча проректор	Тизме
4.4	Жалал-Абад эл аралык университетинин жеке менчик клиникасын ачуу жөнүндө	Ректор	Баяндама, токтом долбоору

Күн тартиби боюнча сунуштар болгон жок. Күн тартибинде каралуучу маселелерди бекитүү добушка коюлду. Добуш берүүнүн жыйынтыгы менен күн тартиби бир добуштан бекитилди.

Каралып жаткан маселелер боюнча маалымат берүү 5 мүнөттөн 10 мүнөткө чейин болсун деген регламент сунушталды. Регламентти бекитүү добушка коюлду. Добуш берүүнүн жыйынтыгы менен регламент бир добуштан бекитилди.

ЖАЭУнун ректору, ф.-м.и.к., доцент, Окумуштуулар кеңешинин төрагасы М.Р.Нарбаев сөз сүйлөдү: – “Саламатсыздарбы урматтуу кесиптештер! Алгач, ар түрдүү маселерде бар, Окумуштуулар кеңешинин курамын кайра бекитүү маселесин карайлы. Сөз окумуштуу катчыга берилет.

Окумуштуу катчы З.А.Асилова сүйлөдү: – “Саламатсыздарбы урматтуу Окумуштуулар кеңешинин төрагасы жана мүчөлөрү! 2025-жылдын 22-сентябрындагы Окумуштуулар кеңешинин №1 протоколу менен 7 курамдан турган Окумуштуу кеңешинин курамы бекитилген. Сентябрь айында жаңы жетекчилер жана кызматкерлер жумушка алынгандыгына байланыштуу бекитилген курамды толуктоо сунушталат: Жаны кошулган курамдын мүчөлөрү:

1. Матсаков Каныбек Сулайманкулович – Морфологиялык дисциплиналар кафедрасынын башчысы, м.и.к., доцент.

2. Калмуратова Айшахан Орозбаевна – Гуманитардык жана табигый дисциплиналар кафедрасынын башчысы, ф.и.к., доцент.

3. Ураимов Алмазбек Жанышевич – Окуу-маалыматтык бөлүмүнүн жетектөөчү адиси.

4. Тсеринг Йонден - ЛДи -1-22 тайпасы, 4 курстун студенти.

Жолпысынан окумуштуулар кеңешинин курамы 11 кишиден турду.

Сөзгө чыккандар:

ЖАЭУнун ректору, ф.-м.и.к., доцент, Окумуштуулар кеңешинин төрагасы М.Р.Нарбаев: - Окумуштуулар кеңешинин жобосуна ылайык бүтүрүүчү кафедралардын кафедра башчылары, иш берүүчүлөр, белгилүү адистер, жетекчилерди кошсок болот, ошондой эле студент камтылышы зарыл. Окумуштуулар кеңешинин абройун көтөрүш үчүн дагы курамды толукташыбыз мүмкүн.

Төмөнкүдөй токтом долбоору бекитүүгө сунушталды:

11 кишиден турган Окумуштуулар кеңешинин жаңы курамы бекитилсин.

Токтом долбоору добушка коюлду жана бир добуштан кабыл алынды.

1-маселе боюнча окуу иштери боюнча проректор, м.и.к. Н.А.Садырова сүйлөдү: – “Саламатсыздарбы урматтуу Окумуштуулар кеңешинин төрагасы жана мүчөлөрү!

Бүгүнкү күнгө карата Окуу процесси боюнча маалымат:

1. Бардык адистиктер жана курстар боюнча базалык жана жумушчу окуу пландары бекитилди.

2025-жылдын 1-сентябрынан тартып окуу процесси бекитилген жумушчу окуу пландарынын жана окуу процессинин графигинин негизинде уюштурулду. Окуу сабактары өз убагында башталды.

2. 2025-жылдын 1-октябрына карата университетте 613 студент билим алууда. Анын ичинде: Дарылоо иши адистигинде – 609, ИВТ багытында – 4.

Кабыл алуу кампаниясы толук аяктаган жок, 1-курска 457 студент кабыл алынды.

Өткөн окуу жылында ЖАЭУга башка окуу жайлардан которуу жолу менен 93 студент келген. Алардын ичинен 45 студент 2025-жылдын 14-сентябрындагы буйрук менен:

- керектүү документтердин толук топтому жок болгондугуна байланыштуу – 9 студент,

• мурдагы окуу жайлардан окуусун тастыктоочу суроолорго жооп келбегендиктен – 36 студент окудан четтетилди.

Окуудан четтетилген студенттердин ичинен 22 студент калыбына келтирүүгө тийиш, анткени биздин университеттин суроолоруна оң жооптор келип түшкөн, калган 23 студент боюнча жооп келе элек.

3. Окуу процессин профессордук-окутуучулар курамы камсыз кылууда.

Бүгүнкү күндө ПОК – 45. Штаттык бирдик – 32 (71%), алардын ичинен 18 (40%) илимий даражасы жана наамы бар. Айрым дисциплиналар боюнча жетишпеген жүктөмдөрдү 13 кошумча окутуучулар толуктоодо.

4. Дисциплиналар силлабустар, окуу-методикалык комплекстер жана керектүү адабияттар менен камсыздалган. Электрондук ресурстарды жаңылоо жана е-Билимди киргизүү иштери жүрүп жатат. Студенттердин жетишкендиктерин баалоонун модулдук-рейтингелик системасына (МРС) өзгөртүүлөр киргизилди, учурда тиешелүү локалдык нормативдик актыларга өзгөртүүлөрдү киргизүү процесси жүрүп жатат.

5. АИС «АВНден» АИС «е-Билимге» өтүү процесси аяктап жатат, анын алкагында:

а) 1–2-курстар үчүн Жадыбал эки семестрдик вариантта түзүлүүдө;

б) 3–5-курстар үчүн циклдик окуу түрүндө түзүлүүдө.

6. Кадрлар бөлүмүнө жана кабыл алуу комиссиясынын техникалык катчыларына (Чойбекова Н., Шерипбаева А., Курбанова Н.) 2025-жылдын 10-сентябрындагы №44 буйруктун негизинде 1-курс үчүн алыскы чет өлкөлөрдөн кабыл алынган 457 студенттин маалыматтарын е-Билимге киргизүү жана аларды окуу топторуна бөлүштүрүү тапшырылды.

7. Биринчи айдын жыйынтыгы боюнча орточо сабакка катышуу деңгээли 60–90% түздү. Айрым топтордо сабакты негизсиз себептер менен калтыруу учурлары катталууда, бул студенттер жана топ кураторлору менен кошумча тарбиялык иш алып барууну талап кылат.

8. Окуу процессине параллель түрдө илимий-практикалык иштер активдештирилип, баалар коюлду.

9. Кружоктор уюштурулду:

10. 2025–2026-окуу жылына окуу жүктөмү бөлүштүрүлдү. Маалымат төмөнкү таблицада берилет:

Төмөнкүдөй токтом долбоору бекитүүгө сунушталды:

Окуу иштери боюнча проректордун окуу иштеринин жүрүшү боюнча берген маалыматы эске алынсын.

Токтом долбоору добушка коюлду жана бир добуштан кабыл алынды.

2-маселе боюнча окуу иштери боюнча проректор, м.и.к. Н.А.Садырова сүйлөдү: Урматтуу кесиптештер бизде үч кафедра бар. Ар бир кафедрада окутуучулар тарабынан студенттер үчүн кружокторо уюштурулган. Тиешелүү окутуучулар студенттер менен иш алып барышууда.

Атап айтып кетсем, Гуманитардык жана тыбигый дисциплтналар кафедрасында 6 ийрим, Морфологиялык дисциплиналар кафедрасында 5 ийрим уюштурулган. Пландары түзүлүп, бекитилген. Иш алып барылууда.

Айрымдарына токтолсок, гуманитардык дисциплиналар боюнча: “We learn English!”, “Кыргызстандагы тарыхий жерлер менен таанышуу”, “Чет элдик студенттер үчүн кыргыз тилин үйрөтүү”, “Русский шаг за шагом”, “Дем күч”, “Жаш программист”.

Медициналык дисциплиналар боюнча: «Хирургия как фундамент врачебного ремесла», «Mater Vitae», «Клиническое мышление в терапии: от симптома к диагнозу”, «Здоровье детей», «Little Patients – Big Knowledge» (Маленькие пациенты – большие знания), «Актуальные вопросы педиатрии», «Micros Vita» (Жизнь под микроскопом), «Anatomy Insight».

Төмөнкүдөй токтом долбоору бекитүүгө сунушталды:

Окуу иштери боюнча проректордун маалыматы эске алынсын. Ийримдердин иштери көзөмөлдөнсүн.

Добуш берүүнүн жыйынтыгы менен токтом долбоору бир добуштан кабыл алынды.

3-маселе боюнча медициналык факультеттин деканы Ш.М.Астанов сүйлөдү:

2025-2026 окуу жылы үчүн 560001 Дарылоо иши адистигине мамлекеттик сынактын программасын , мамлекеттик аттестациялык курамдын төрагасы жана ар бир мүчөсү менен макулдашылып, макулдук каттары алынган.

Төмөнкүдөй токтом долбоору бекитүүгө сунушталды:

1. 2025-2026 окуу жылына 560001 Дарылоо иши (5жыл) адистиги үчүн Мамлекеттик аттестациялык курам төмөнкү курамда бекитилсин.

1. Алымбаев Арстан Чырмашевич Жогорку даражадагы дарыгер, Жалал-Абад областтык клиникалык ооруканасынын директорунун дарылоо иштери боюнча орун басары.(Төрага).
2. Рахманова Гулбарчын Рахмановна “Мээрим” медициналык борборунун директору. (төрага орун басары).
3. Абдуманнапова Жибек Эркиновна Жалал-Абад облустук төрөт үйү стационарынын жетекчиси (директору).(Мүчө).
4. Арзыкулова Айнагүл Бакытбековна “Кардиоцентр” клиникасынын дарыгери (кардиолог), Жалал-Абад эл аралык университетинин “Клиникалык дисциплиналар” кафедрасынын окутуучусу. (Мүчө).
5. Винеш Кумар Жалал-Абад эл аралык университетинин “Клиникалык дисциплиналар” кафедрасынын окутуучусу. (Мүчө).
6. Чойбекова Назгүл Макамбаевна Жалал-Абад эл аралык университетинин медицина факультетинин методисти.(Техникалык катчы).

Токтом долбоору добушка коюлду жана бир добуштан кабыл алынды.

4. Ар түрдүү маселелер

4.1. маселе боюнча боюнча окумуштуу катчы З.А.Асилова сүйлөдү: -“ Урматтуу кесиптештер административдик кеңешмеде студенттерге окуу акысынан жеңилдиктерди берүү жөнүндө маселе каралып үч адамдан турган комиссиянын курамы бекитилген. Алар Сыдыкова Б.Ж., Асилова З.А., Ураимов А.Ж.

Комиссия курамынын 2025-жылдын 19 сентябрындагы отурумунун протоколунун токтому менен тааныштырып коюуга уруксат бериниздер.

1. Окуу акысынан жеңилдиктерди берүү боюнча студенттерден келип түшкөн арыздардын негизинде төмөнкүдөй пайыздык катыштагы окуу акысынан жеңилдиктер берилсин:
    1. Борукулов Маликнур - 100%.
    2. Рахманжанов Максат – 75%
    3. Саипжанова Шахло – 50%
    4. Моминжанова Самира – 50%
    5. Кебекова Азиза – Кыргыз Республикасынын жаранынын окуу акысындай төлөө жүргүзсүн.
    6. Маматкулов Абдулазиз – 10%
    7. Исроилова Жайрона – 10%
    8. Сарикова Диана – 10%.
2. Комиссиянын чечимин бекитип берүү жагы Окумуштуулар кеңешмесине сунушталсын.

Сөзгө чыккандар:

1. ЖАЭУнун ректору, ф.-м.и.к., доцент, Окумуштуулар кеңешинин төрагасы М.Р.Нарбаев: - Уруксат берсеңиздер ар бир студентке токтолуп кетсек:

1. Борукулов Маликнур ИВТ-1-25 тайпасы (Жалпы Республикалык тестирлөөнүн жыйынтыгы 172 балл). Буйруктун негизинде 100% жеңилдик берилет.
2. Рахманжанов Максат ИВТ-1-25 тайпасы (Социалдык абалынын оордугу боюнча). Бул студенттин жашоо шартын эске алып 100% жеңилдик берүүнү сунуштайм.
3. Саипжанова Шахло ЛД-1-25 тайпасы (Жалпы Республикалык тестирлөөнүн жыйынтыгы 283 балл). Буйруктун негизинде 50% жеңилдик берилет.
4. Моминжанова Самира ЛД-1-25 тайпасы (ЖАЭУнун окутуучучусунун кызы, Жалпы Республикалык тестирлөөнүн жыйынтыгы 296 балл). ЖАЭУнун окутуучусу, медициналык факультеттин деканы Шавкатбек Моминжановичтин кызы, агайдын университетке жасаган эмгегин жана студенттин ЖТРдагы баллын эске алып 100% жеңилдик берүүнү сунуштайм.
5. Кебекова Азиза ЛД-1-25 тайпасы (этникалык кыргыз). Жобонун негизинде Кыргыз Республикасынын жаранынын окуу акысындай төлөө жүргүзсүн.
6. Маматкулов Абдулазиз, Исроилова Жайрона, Сарикова Диана ЛД-1-25 тайпасынын студенттери (чет өлкөнүн жараны). 2025-2026 окуу жылында студенттерге профори ентациялык иштерди жүргүзүүдө берген убадабызга ылайык 10 % берилсин.

2. **Окуу иштери боюнча проректор Н.А.Садырова –** Мирсадык Рахимбердиевичтин сунушун колдойм, баарыныздарды колдоого сунуштайм.

Төмөнкүдөй токтом долбоору бекитүүгө сунушталды:

1. Жогоруда аты аталган студенттерге окуу мөөнөтү аяктаганга чейин окуу акысынан жеңилдиктер берилсин.
2. Бекитип бер жагы негиздөөчүлөр жана камкордук кеңешмесине сунушталсын.

Добуш берүүнүн жыйынтыгы менен чечимдин долбоору бир добуштан бекитилди.

4.2 маселе боюнча боюнча илим, мамлекеттик тил жана социалдык иштер боюнча проректор З.А.Асилова сүйлөдү: -

Эки жобону бекитип берүүнүздөрдү суранам.

1. Студенттерди шыктандыруу максатында “Менин университетим” аталышындагы видео материалды түзүү бонча конкурстун жобосу иштелип чыкты. Жалпы талкууга коюлуп, оңдоо түзөөлөрү менен сиздерге сунуштайм.
2. “Стартап-2025” аталышындагы студенттер, окутуучулар, илимпоздордун долбоорлорун университеттин эсебинен каржылап берүү үчүн мыкты долбоорго конкурс жарыялоо жана жобосун бекитүүнү сунуштайм.

Эки жобо тең административдик кеңеште каралган жана талкууга коюлган, оңдоо түзөө менен бекитип берүүнүздөрдү суранам.

Бул маселе боюнча төмөнкүдөй чечимдин долбоору бекитүүгө сунушталды:

а) Жогоруда сунушталган жоболор, конкурстук материалдар бекитилсин.

б) Илимий иш чараларды уюштуруу үчүн университеттин бюджетинин 1% акча каражаты бөлүнсүн.

в) Бул чечимди бекитип берүү жагы негиздөөчүлөр жана камкордук кеңешинин кароосуна сунушталсын.

Добуш берүүнүн жыйынтыгы менен чечимдин долбоору бир добуштан бекитилди.

4.4 маселе боюнча боюнча ЖАЭУнун ректору, ф.-м. и.к., доцент М.Р.Нарбаев үйлөдү: - Урматтуу кесиптештер, баарыңыздарга маалым болгондо окуу корпусубуздун жанындагы клиникабыздын корпусу курулган. Ошол клиниканы ачуу жана документтерини юридикалык жактан камсыздоону сунуштайм. Клиника ачылгандан кийин анын директоррун дайындашыбыз кере жана клиниканын атын коюшубуз керек. Азыркы күндө ички ремонттору бүтүп, эмеректери сатылып алынган. Ошондой эле жабдыктар жасалууда.

Бул маселе боюнча төмөнкүдөй чечимдин долбоору бекитүүгө сунушталды:

1. Төмөнкү фирмалык аталыштагы юридикалык жак түзүлсүн:

- мамлекеттик тилде: **«Шифаа клиник – Жалал-Абад эл аралык университинин клиникасы»** жоопкерчилиги чектелген коому;
- официалдуу тилде: Общество с ограниченной ответственностью «**Клиника Жалал-Абадского международного университета – Шифаа клиник**»;
- англис тилинде: «**Jalal-Abad international university clinic – Shifa clinic**» Limited Liability Company.

Кыскартылган аталышы:

- мамлекеттик тилде: « **Шифаа клиник – ЖАЭУнун клиникасы**» ЖЧК;
- официалдуу тилде: ОсОО «**Клиника ЖАМУ - Шифаа клиник**»;
- англис тилинде: «**JAIU clinic – Shifa clinic** » LLC.

2. Мекеменин Уставы бекитилсин.
3. Уставдагы максаттарды ишке ашыруу үчүн 1 000 000 (бир миллион) сом акча каражаты директору аркылуу мекемеге берилсин жана директор менен негиздөөчүлөрдүн ортосунда өткөрүп берүү актысы түзүлсүн.
4. Университеттин структурасына жана штаттык жадыбалына өзүнчө бөлүм болуп киргизилсин жана бул бөлүмдө бир чен директор штаты ачылсын. Айлык маянасы тарифтик –квалификациялык тизмеге өзгөртүүлөрдү киргизүү менен бекитилсин жана 1-ноябрдан баштап төлөнсүн.

5. Директордун милдети Кыргыз Республикасынын жараны Белекбаев Талантбек Маматосмоновичке жүктөлсүн, жашаган жери Кыргыз Республикасы, Ош облусу, Алай району, Гүлчө шаары, Залда Дубанаев көчөсү 58.

6. Мекеменин юридикалык дареги болуп төмөндөгү дарек аныкталсын: 715607, Кыргыз Республикасы, Манас шаары, Курманбек көчөсү 24А.

7. Мекеме Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык юстиция органдарында жана башка мамлекеттик органдарда катталсын.

8. Жогорудагы чечимдерди бекитип берүү жагы негиздөөчүлөр жана камкордук кеңешмесинен суралсын.

Окумуштуулар кеңешинин кезектеги жыйынынын жыйынтыгында, айтылган сунуштарды жана толуктоолорду эске алуу менен, Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү бир добуштан төмөнкүдөй чечим кабыл алышты:

Чечим:

1. Окуу иштери боюнча проректордун окуу иштеринин жүрүшү боюнча берген маалыматы эске алынсын.

2. Окуу иштери боюнча проректордун маалыматы эске алынсын. Ийримдердин иштери көзөмөлдөнсүн.

3. 2025-2026 окуу жылына 560001 Дарылоо иши (5жыл) адистиги үчүн Мамлекеттик аттестациялык курам төмөнкү курамда бекитилсин.

1. Алымбаев Арстан Чырмашевич Жогорку даражадагы дарыгер, Жалал-Абад областтык клиникалык ооруканасынын директорунун дарылоо иштери боюнча орун басары.(Төрага).
2. Рахманова Гулбарчын Рахмановна “Мээрим” медициналык борборунун директору. (төрага орун басары).
3. Абдуманнапова Жибек Эркиновна Жалал-Абад облустук төрөт үйү стационарынын жетекчиси (директору).(Мүчө).
4. Арзыкулова Айнагүл Бакытбековна “Кардиоцентр” клиникасынын дарыгери (кардиолог), Жалал-Абад эл аралык университетинин “Клиникалык дисциплиналар” кафедрасынын окутуучусу. (Мүчө).
5. Винеш Кумар Жалал-Абад эл аралык университетинин “Клиникалык дисциплиналар” кафедрасынын окутуучусу. (Мүчө).
6. Чойбекова Назгүл Макамбаевна Жалал-Абад эл аралык университетинин медицина факультетинин методисти.(Техникалык катчы).

4. Ар түрдүү маселелер:

4.1.1 Жогоруда аты аталган студенттерге окуу мөөнөтү аяктаганга чейин окуу акысынан жеңилдиктер берилсин.

4.1.2. Бекитип бер жагы негиздөөчүлөр жана камкордук кеңешмесине сунушталсын.

4.2. а) Жогоруда сунушталган жоболор, конкурстук материалдар бекитилсин.

б) Илимий иш чараларды уюштуруу үчүн университеттин бюджетинин 1% акча каражаты бөлүнсүн.

в) Бул чечимди бекитип берүү жагы негиздөөчүлөр жана камкордук кеңешинин кароосуна сунушталсын.

4.3. 11 кишиден турган Окумуштуулар кеңешинин жаңы курамы бекитилсин.

4.4. Төмөнкү фирмалык аталыштагы юридикалык жак түзүлсүн:

1. Юридикалык жактын аталыштары:

- мамлекеттик тилде: **«Шифаа клиник – Жалал-Абад эл аралык университинин клиникасы»** жоопкерчилиги чектелген коому;
- официалдуу тилде: Общество с ограниченной ответственностью «**Клиника Жалал-Абадского международного университета – Шифаа клиник**»;
- англис тилинде: «**Jalal-Abad international university clinic – Shifa clinic**» Limited Liability Company.

Кыскартылган аталышы:

- мамлекеттик тилде: « **Шифаа клиник – ЖАЭУнун клиникасы**» ЖЧК;
- официалдуу тилде: ОсОО «**Клиника ЖАМУ - Шифаа клиник**»;
- англис тилинде: «**JAIU clinic – Shifa clinic** » LLC.

2. Мекеменин Уставы бекитилсин.
3. Уставдагы максаттарды ишке ашыруу үчүн 20 000 000 (жыйырма миллион) сом акча каражаты директору аркылуу мекемеге берилсин жана директор менен негиздөөчүлөрдүн ортосунда өткөрүп берүү актысы түзүлсүн.
4. Университеттин структурасына жана штаттык жадыбалына өзүнчө бөлүм болуп киргизилсин жана бул бөлүмдө бир чен директор штаты ачылсын. Айлык маянасы тарифтик –квалификациялык тизмеге өзгөртүүлөрдү киргизүү менен бекитилсин жана 1-ноябрдан баштап төлөнсүн.
5. Директордун милдети Кыргыз Республикасынын жараны Белекбаев Талантбек Маматосмоновичке жүктөлсүн, жашаган жери Кыргыз Республикасы, Ош облусу, Алай району, Гүлчө шаары, Залда Дубанаев көчөсү 58.
6. Мекеменин юридикалык дареги болуп төмөндөгү дарек аныкталсын: 715607, Кыргыз Республикасы, Манас шаары, Курманбек көчөсү 24А.
7. Мекеме Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык юстиция органдарында жана башка мамлекеттик органдарда катталсын.
8. Жогорудагы чечимдерди бекитип берүү жагы негиздөөчүлөр жана камкордук кеңешмесинен суралсын.

Көчүрмөсү анык

ЖАЭУнун Окумуштуулар кеңешинин
окумуштуу катчысы, т.и.к., доцент: Асилова З.А.